ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды
Протокол № 9
«27» май 2024-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршембиев
«28» май 2024-ж.

**Талас мамлекеттик университетинин практиканы өткөрүү боюнча Жобосу**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул жобо Талас мамлекеттик университетинин (ТалМУ) студенттеринин практикаларын уюштуруу маселесин жөнгө салат. Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, ТалМУнун укуктук ченемдик документтеринин негизинде түзүлгөн.

1.2. Практикаларды өтөө боюнча нускамалар жана усулдук колдонмолор адистиктин профилдерине жараша иштелип чыгат.

1.3. Орто, жогорку же дипломдон кийинки кесиптик билим берүүнүн программалары (ББП) боюнча окуп жаткан студенттер ББПнын окуу пландарында каралган практикадан өтүшөт.

1.4. Практикадан өтүү мөөнөтү ББПнын окуу планына жана академиялык календарга ылайык белгиленет.

## 2. Практиканын этаптары

2.1. Бакалавр, адистер үчүн негизги жана милдеттүү практикалардын түрлөрү болуп төмөндөгүлөр эсептелинет: окуу, педагогикалык, өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практика. Магистратура үчүн негизги жана милдеттүү практикалардын түрлөрү болуп төмөндөгүлөр эсептелинет: илимий изилдөө, илимий-педагогикалык, өндүрүштүк, башкаруучулук жана квалификацияга чейинки практика. Квалификацияга чейинки практика окутуунун акыркы этабы болуп саналат жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык сынакка чейин жүргүзүлөт.

2.2. Окуу практикасы студенттердин кесиптик билим алуудагы теориялык билимдерин өнүктүрүүгө, кесиптик ишмердүүлүгүнүн багыттары менен тааныштырууга, кесиптик баштапкы көндүмдөрүн калыптандырууга, теориялык билимдерин практикалык көндүмдөргө айкалыштыруунун баштапкы тажрыйбаларын өздөштүрүүгө багытталат.

2.3. Педагогикалык практика жогорку педагогикалык билим берүүнүн негизги билим берүүчүлүк программасынын бир бөлүгү катары эсептелинет. Практиканын максаты, милдеттери, көлөмү Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында, студенттердин педагогикалык практикасынын программасында аныкталып көрсөтүлгөн. Педагогикалык практика өлкөнүн түрдүү типтеги жалпы орто билим берүү адаптациялык, билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк, диагностикалык функцияларды аткарат.

2.4. Өндүрүштүк (кесиптик) практика студенттердин теориялык окутуу процессинде алган билимин бышыктоого жана тереңдетүүгө, зарыл болгон кесиптик ыкмаларды алууга, окуп жаткан адистик боюнча практикалык иштердин тажрыйбасын үйрөтүүгө багытталган.

2.5. Квалификациялык практика буга чейин алган билимдери менен көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, калыптанган кесиптик компетенцияларын практикада колдонуу тажрыйбаларын өркүндөтүүгө, кесиптик ишмердүүлүгүндө өз алдынча квалификациялык долбоордук жеке тапшырмаларды аткаруу жөндөмдөрүн калыптандырууга жана кесиптик жыйынтыктоочу сынактарга даярданууга багытталат.

2.6. Илимий-педагогикалык багыттагы магистратура ББПлары эки практиканы: билим берүүнү уюштурууда - педагогикалык практиканы, диссертацияны аяктоодо - изилдөө практикасын өткөрөт.

## 3. Практикаларды уюштуруу

3.1. Практиканын бардык түрлөрү практика жетекчилеринин жетекчилиги алдында практиканы уюштуруунун негизги талаптарын жана өтүү шарттарын камтыган практиканын программаларына ылайык жүргүзүлөт.

3.2. Практиканын программасы ББПнын профили, окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын, практиканы өтүү базаларынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен бүтүрүүчү кафедралар тарабынан иштелип чыгат жана факультеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет. Өндүрүштүк практиканын программалары түзүлгөн келишимдерге ылайык практиканы өтүү базалары менен макулдашылышы керек.

3.3. Студенттердин окуу практикасын ТалМУнун базасында же ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда өткөрүүгө болот.

3.4. Бүтүрүүчү кафедранын башчысы ишкана, мекеме, уюмдардын базасында студенттердин практикасын өткөрүү боюнча алар менен өз убагында келишимдердин түзүлүшү, практикалык базанын ББПнын адистигине жана күтүлүүчү окуу натыйжаларына ылайык келүүсүнө жооп берет. Ал практика боюнча дайындалган жетекчилердин ишин көзөмөлдөйт.

3.5. Практика жетекчилери практиканын өз убагында, сапаттуу уюштурулушу үчүн жоопкерчиликтүү болушат, студенттердин практика күндөлүктөрүн өз убагында толтуруусун көзөмөлдөшөт, практикага байланышкан бардык маселелер боюнча студенттерге консультация беришет, практиканын жыйынтыгын чыгарышат жана аларды Е билимге маалыматтык системадагы ведомостко киргизишет.

## 4. Практика жетекчилеринин милдеттери

4.1. Мекеме, ишканалардын өкүлдөрү (мекеме тарабынан практика жетекчилери) менен байланышып жана аны менен бирдикте практика өтүүнүн иш программасын түзүшөт.

4.2. Жеке тапшырмалардын тематикасын иштеп чыгышат.

4.3. Практика учурунда студенттерди иш ордуна бөлүштүрүүгө же аларды жумуштун түрлөрү боюнча орун алмаштырууга катышат.

4.4. Практика убактысында студенттердин туура пайдаланылышын көзөмөлдөшөт.

4.5. Студенттердин жеке тапшырмаларды аткарышына жана отчетук ишке материал топтоосуна методикалык жардам көрсөтүшөт.

4.6. Практиканттардын практиканын программасын аткаруу жыйынтыгын баалашат.

## 5. Студент практиканттын укук, милдеттери

5.1. Студенттер практикалык базаны өз алдынча издөөгө жана сунуш кылынган практикалык база ББПнын адистигине жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ылайык келген шартта практика келишимин түзүүнү демилгелөөгө укугу бар.

5.2. Студент практиканын жыйынтыгын күндөлүккө жазат, аны академиялык календарга ылайык аралык аттестациянын тиешелүү мөөнөтүндө кафедрадагы практиканын жетекчисине өткөрөт.

5.3. Студенттер окуу планына жана академиялык календарга ылайык практиканын бардык түрлөрүн жана практиканын жыйынтыктарын аттестациялоону өз убагында бүтүрүүгө милдеттүү.

Практиканын жалпы жыйынтыктары факультеттердин окуу усулдук кеңешинде практика жетекчилеринин катышуусунда өткөрүлөт.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

ОИ иштери боюнча проректор,
ОУКнин төрагасы — Сурапов А.К.

Окуу бөлүмүнүн башчысы — Нукешов С.Т.